| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 9-октябрь№3** **Боо-Терек айылы**

**"Сүйүн-Апа" балдар-бакчасынын аймагына курулбай калган кошумча эки тайпалуу курулуш имаратынын өздүк салымына бөлүнгөн 1103000 (бир миллион бир жүз үч мин) сом акча каражатты кайрадан бөлүштүрүү жөнүндө.**

Боо-Терек айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын бюджетинен чыгашадан ашкан кирешесинен каралган, "Сүйүн-Апа" балдар-бакчасынын аймагына курулбай калган кошумча эки тайпалуу курулуш имаратынын өздүк салымына бөлүнгөн 1103000 (бир миллион бир жүз үч мин) сом акча каражатты кайрадан бөлүштүрүү жөнүндөгү.айылдык Кенештин депутаттарынын"Бюджет, экономика муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар" боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 6-октябрындагы №5протоколдук чечимин карап чыгып, талкуулапБоо-Терек айылдык Кенешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Билим берүү бөлүмүнүн 3111 (имараттар жана курулуштар) беренесине 202000 (эки жүз эки мин) сом акча каражаты "Бакай-Ата районунун өнүктүрүү фондусуна" Д. Дуйшебаев атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын корпусун капиталдык ремонттон өткөрүү" боюнча долбоорунаөздүк салым катары бөлүнүп берилсин.
2. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине 100000 (жүз мин) сом акча каражаты кум-шагыл төгүү чыгымдарына бөлүнүп берилсин.
3. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2222 (жабдуулар жана материал сатып алуу) беренесине 200000 (эки жүз мин) сом акча каражаты көпүрөлөрдү алууга бөлүнүп берилсин.
4. Бала-бакча бөлүмүнүн 2222 (жабдуулар жана материал сатып алуу) беренесине 119100 (бир жүз он тогуз мин жүз) сом акча каражаты "Сүйүн-Апа" балдар-бакчасына бөлүнүп берилсин.
5. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине20000 (жыйырма мин) сом акча каражаты көчөдөгү жарыктандырууга бөлүнүп берилсин.
6. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине 461900 (төрт жүз алтымыш бир мин тогуз жүз) сом акча каражаты жылдырылып, керектүү учурда айылдык Кенештин сессиясынын чечиминин негизинде колдонулсун.
7.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кенештин депутаттарынын "Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**